**ДЖУМАЛИЕВА К.,**
*Бишкек ш. № 46 орто мектеп*

# КЕП МАДАНИЯТЫН ӨСТҮРҮҮ МАКСАТЫНДА СЫН АТООЧТУН КҮЧӨТМӨ ДАРАЖАСЫН ОКУТУУ

**Түйүндүү сөздөр:** сын атооч, сын атоочтун даражалары, күчөтмө даража, сабактын билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк максаттары, кеп маданияты, окутуу, оозеки кеп.

Окуучулардын интеллектуалдык жана кептик маданиятын өстүрүүнүн уникалдуу мүмкүнчүлүгү катары кыргыз тилинин грамматикасын туура өздөштүрүүдө турат. Мектеп программасында грамматикалык категорияларга көбүрөөк токтолгондуктан, окуучулардын аң-сезиминде алардын эрежелерин жаттоо, эстеп калуу гана турат. Ырас, теориялык жактан грамматикалык категорияларды окуучулардын билүүсү алардын орфографиялык жактан туура жаза алышына алып келет. Бирок ошондой болсо дагы бүгүнкү күндө кептин жарды болуп калышы, окуучулардын айрым сөздөрдүн орду жок колдонушу ойлондурбай койбойт. Мектеп программасындагы ар бир грамматикалык категорияны өтүү менен деле окуучулардын эркин дил баяндарды жазуусунда стилдик каталар, сөздөрдү ыксыз пайдалануулар кетет: *Жалбырактар дабырап түшүп жатат. Дабырап* деген сөз кандайдыр бир үн чыккандыкты билдирет. Ал эми түшүп келе жаткан жалбырактан дабыраган үндүн чыгышы мүмкүн эмес. Ырас окуучулардын чыгармачылык иштеринде жана оозеки жоопторунда өтө көптөгөн грамматикалык формаларды курууда, алардын башка сөз айкаштары менен байланыштырууда жана акыр аягында сүйлөм түзүүдө өтө көп каталар кетип жатат. Бул көрүнүштөн бардык мугалимдер арыла албай келет. Ошол үчүн грамматикалык категорияларды же формаларды өтүүдө анын теориялык гана жагына өтө басым жасабастан, анын стилдик, синтаксистик жагына, сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанилеринин ортосундагы функционалдык маанисине көбүрөөк көңүл буруу керек болуп жатат [1].

“Сын атооч” деген теманы биз тараптан жөн жерден тандалып алынган жок, анткени сын атооч башка сөз түркүмдөрүнө караганда морфологиялык системада татаалдыгы жана синтаксистик колдонууда ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турат.

1980-жылы чыккан академиялык «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы» [3] боюнча сын атооч тил илиминдеги маани берүүчү сөз түркүмүнүн катарына кирет. Сын атоочтун грамматикалык жактан өзгөчө категориясы катары анын сапаттык жана катыштык сын болуп бөлүнүшү турат. Сапаттык сын атоочтордо кездешкен даража категориясы тууралуу бүгүнкү күндө оозеки кепте анын жаңы түрлөрүнүн кириши кеп маданиятын канчалык деңгээлде өстүрүп, же канчалык деңгээлде артка тартып жаткандыгын көрүүгө болот. Сын атоочтун даражалары С.Давлетов, И.Абдувалиев, Т.Садыков ж.б. сыяктуу окумуштуулардын морфология китебинде анын 4 даражасы берилет: жай даража, салыштырма даража, күчөтмө даража жана басаңдатма даража. Биз бул макалабызда сын атоочтун даражаларынын ичинен күчөтмө даражаны окутуу тууралуу сөз кылабыз.

Анткени бүгүнкү күндө күчөтмө даражанын катарына оозеки кепте бир катар жаргондук, диалектилик көрүнүштөр өтө көп кирүүдө. Аларга мисал келтирсек, иттей жакшы, өлгүдөй жакшы, жамандай жакшы деген сыяктуу оксюморондук көрүнүштөр эркин орун алууда. Бүгүнкү окуучулардын речин тазалоодо, тагыраак айтканда, кеп маданиятын өстүрүүдө дал мына ушундай көрүнүштөрдөн арылуу актуалдуу маселелерден болуп келет. Сын атоочтун терминдик аталыштары боюнча дагы окумуштуулар анын лексико-семантикалык жагына же сын атоочтун функционалдык-когнитивдик маанисин көбүрөөк иликтөөгө алынып жатат [8]. К.К.Юдахиндин грамматикасы боюнча, сын атоочтун күчөтмө даражасы төмөндөгүдөй бөлүштүрүлөт [10].

Күчөтмө даража заттын сын-сыпат белгисинин демейдегиден арбын, жогору, күчтүү деңгээлде экенин билдирет да, төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат:

*1.* Сын атооч сөздөрдүн биринчи муунунун өзгөрүп кайталанып айтылышы аркылуу: *кыпкызыл, супсулуу, сапсары* ж.б. *Жүрөктө турду жаңырып, ыпысык сүйүү обону.*

2. Сын атооч сөздөрдүн кайталанып айтылышы аркылуу уюшулат, бул учурда сын атоочтордун биринчиси илик жөндөмөдө, экинчиси 3-жакка таандык болуп айтылат: *көктүн көгү, бийиктин бийиги, тереңдин тереңи, ысыктын ысыгы* ж.б.

3. *Эң, аябай, өтө, абдан, эбегейсиз, ашкан, мүлдө, чым, чымкый, чылк, эпсиз* деген сыяктуу күчөткүч сөздөрдүн жардамы менен уюшулат: *эң сонун, аябай кызык, өтө жаман, чымкый кызыл, абдан чон, эбегейсиз бийик, ашкан айлакер, чым кара* ж.б.

*4.* Чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтун жардамы аркылуу: *аттан да күлүк, сүттөн ак, үйдөн да чоң* ж.б. *Мен коёндон жапыс болоюн, сен бүркүттөн алгыр бол.*

*5.* Кээ бир сын атоочтордун кайталанып кош соз түрүндө айтылышы аркылуу: *бийик-бийик, ширин-ширин, узун-узун* ж.б. *Узун-узун уз келет, узун бойлуу кыз келет.*

*6.* Санды билдирген жана сан атооч сөздөргө эсе деген сөздүн кошулуп айтылышы менен да сын атоочтордо күчөтмө маани жаралат: *көп эсе жакшы, он эсе мыкты* ж.б. *Мындан жүз эсе, мындан мин эсе курч кайрат, майтарылбас эрдик менен, керек болсо канды суудай тоңуп, аябастан жанды кечип күрөшүш керек.*

7. *Жаман, иттей, өлгүдөй* деген сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулуп, сын атоочтор менен бирге айтылышы аркылуу: *жаман катуу, жаман сулуу, иттей таттуу, өлгүдөй сонун* ж.б.

Жогоруда берилген мисалдан улам сын атоочтун сөздөрдүн ортосунда синтаксистик байланыштын ичинен көбүрөөк ыкташуу байланышы турганын көрүүгө болот. Бул боюнча бир топ окумуштуулар дүйнөлүк лингвистикада дагы айтылат. Анда сөздөрдүн башына келүүчү *авиа, анти, контр* ж.б. ушул сыяктуу сөздөрдү дагы сын атоочтордун катары киргизишет. Ал эми окумуштуу П.А.Леконт ушул эле топко *баарынан кымбат* деген сыяктуу мисалдарды дагы зат атооч катарында кароону сунуш кылат [6]. Ырас, сын атоочту изилдөөдөгү мындай жагдайлар илимпоздордун дагы да тереңден иликтөөлөрүн күтүп жаткансыйт. Ал эми сын атоочтун синтаксистик кызматы жөнүндө ажырымдыктары жок. Демек, сын атооч сүйлөм ичинде же аныктоочтун же атоочтук баяндоочтун милдетин аткарат. Ошондуктан окумуштуу Е.Н.Пузанкова белгилегендей, сын атоочтун пикир алышуудагы колдонушу, анын көркөмдүк максатта пайдалануудагы өзгөчөлүктөрүн [7] сабакта окуучуларга көрсөтүп ачып берүү биздин башкы милдетибиз.

Турмушта күчөтмө даражада сын атоочтук сөз айкаштары өтө көп кездешет: *иттей жакшы* деген сөз айкашы бүгүнкү күндө туруктуу сөз айкашы катары кирип кетти. Ал эми туруктуу сөз айкаштарынын экспрессивдүүлүк мааниси сөздүн кеп маданиятында күчөтүлүп айтуу ыраатында колдонулат [3]. Мисалы, *бутка чалынбай бас ары* [4] Балага кайрылуудагы күчөтүп айтылган катуу сөз катары колдонулат. Сын атоочтордун синонимдик катар жана синонимдик уядагы сөздөрдүн эң көп жолугушу дагы окуучуларга баса белгилеп көрсөтүү менен, алардын бардыгын бири-биринин ордуна колдоно берүү мүмкүн эмес экендигин дагы түшүндүрүү керек. Ырас *кооз, сулуу, көркөм, жакшынакай* деген сыяктуу сөздөр синонимдик катарды түзүп турса дагы, алардын биринин ордуна колдоно берүүгө болбойт, *сулуу кыз* деп айтсак болот, ал эми *коозду сулуу* деген синонимдин ордуна бардык эле учурда колдонуу туура болбойт: *кооз кыз.*

Мына ушундай жагдай биздин сүйлөшүүбүздүн (сүйлөшкөндө түзүлгөн тексттердин) ар түрдүү, ар башка болушунун бир себеби болгон мындай сөздөрдүн анын ичинен сын атоочтордун күчөтмө даражасы өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Ушу жобого таянып, биз кыргыз тили сабагында ат атоочту окутууда окуучулардын кеп маданиятын өстүрүүнүн ыкмаларына токтолуп, бир сабактын үлгүсүн көрсөтөбүз. Кандай болсо дагы кыргыз тилинин ар бир сагында кеп маданиятын өстүрүү биздин ар бир сабагыбыздын башкы милдети болуп саналат [5].

I. Сабактын темасы: ***СЫН АТООЧТУН КҮЧӨТМӨ ДАРАЖАСЫ***

II. Сабактын максаттары: 1. Билим берүүчүлүк максаты: сын атоочтун күчөтмө даражасы боюнча билимге ээ кылуу; 2. Өнүктүрүүчүлүк максаты: окуучуларга сын атоочту окутууда кыргыз тилиндеги кеп маданиятына үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү боюнча жалпы маалыматтар менен тааныштыруу жана ага калыптандыруу; 3. Тарбиялык максаты: Сын атоочтун стилдик маанисин ачып көрсөтүү, жалпы сабакка тарбиялык багыт берүү.

I. Сабактын тиби: Жаңы материалды өздөштүрүү.

III Сабактын түрү: Жаңы теманы өздөштүрүүчү сабак

III. Сабактын методу: Интерактивдүү аралаш сабак.

V. Сабактын жабдылышы: таблица, карточкалар, фразеологиялык, синонимдик, антонимдик сөздүктөр ж.б.

V. Сабактын жүрүшү: а) классты уюштуруу; б) өтүлгөн материалды кайталоо, суроо; в) жаңы материалды түшүндүрүү.

VI. Жаңы теманы түшүндүрүү 6-класс үчүн окуу китебинин 149-бетиндеги түшүндүрмөнү таблицага айландырып тактага илип коюп түшүндүрүлөт [2].

| **Күчөтмө даража** | | | |
|---|---|---|---|
| **I** | **II** | **III** | **IV** |
| ***Эң, абдан, өтө, аябай (аябагандай), чымкый, чылк*** деген күчөтмө бөлүкчөлөрдүн сын атоочко айкалышып айтылышы аркылуу жасалат. | Толук маанидеги сын атооч менен анын башкы муунунан кыскартылып алынган түрү менен бирге колдонуу аркылуу жасалат. Мындай күчөтмө сын атоочтор ар дайым бирге жазылат. | Заттык мааниге өтүп, кайталанган сын атоочтор да күчөтмө сынды уюштурат. Мындай учурларда биринчи айтылган сын атооч илик ***(-нын)*** жөндөмөсүндө турат. | Кээде ***жаман, иттей*** деген сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулушу менен да күчөтмө даража жасалат. |
| Мисалы: *Эң сонун, абдан жакшы, өтө кооз, аябай таттуу, чымкый кызыл, чылк семиз.* | Мисалы: *кыпкызыл, сапсары, көпкөк, аппак (апаппак), жапжашыл, капкара, жупжумшак, капкатуу, апачуу, топтоголок, ыпысык, опоңой.* | Мисалы: *Жакшынын жакшысы, сулуунун сулуусу, актын агы, мыктынын мыктысы, жамандын жаманы, эстүүнүн эстүүсү.* | Мисалы: *Жаман кооз экен. Жаман таттуу экен. Жаман ачуу экен. Жаман ысык экен. Жаман сулуу экен, иттей сонун, иттей кооз.* |

Кана, балдар, сын атоочтун күчөтмө даражасы боюнча кластер түзөлү.

***КЛАСТЕР ТҮЗҮҮ көнүгүүсү.*** Мында материалдарды жөн гана топторго бөлбөстөн өздөрүнүн концепциясына (негизги түшүнүктөрүнө) ылайыктап бөлүшөт.

Түзүүнүн эрежелери:

1. Окуучуларга күчөтмө даражага тийиштүү сөздөр деген тема тандалат.
2. Окуучулар ушул темага байланышкан сөздөрдү эстеп жазышат.
3. Жазгандарын окушат. Алар доскага жазылат.
4. Маанисине карата категорияларга бөлүнүп түзүлөт (схема, таблица, сүрөт түрүндө).
5. Бул көнүгүүнү 4 топко бөлүп алып иштетсе, абдан кызыктуу болот.

А) Балмуздакка байланышкан күчөтүлүп айтылуучу сөз айкаштарын жазып чыккыла.






Б) Алмага байланышкан күчөтүлүп айтылуучу сөз айкаштарын жазып чыккыла.

КЛАСТЕР




Мында семантикалык жактан бири-бирине жакын маанидеги үч сөздү кластердин ичиндеги ар бир үч бурчтуктун учтарына жазып чыгуулары керек. Ошондо үчтөн окшош сөз чыгат.

***ПИРАМИДА КУРУУ КӨНҮГҮҮСҮ*** окуучунун сөздүк байлыгынын көбөйүшүнө, анын бекемделишине жардам берет. Көбүнчө мындай көнүгүүлөр теманын аягында берилгендиктен, ал сөз баланын акылында көбүрөөк сакталып калат. Бала ушул тема боюнча канча жаны сөз үйрөнгөнүн да анализдеп турат. Тактап айтканда, окуучу өзүнө-өзү отчёт берет.

**Берилген сөздү улантып, пирамида кургула.**

*1 сөз* **Окуучу**

*2 сөз* жакшы, мыкты

*3 сөз* абдан жакшы, мыкты

*4 сөз* мыктынын мыктысы, жакшынын жакшысы

*5 сөз*......... .., ..........., ..........., ..........., ...........

*6 сөз*..........., ..........., ..........., ..........., ..........., ...........

Окуучу “пирамида куруудa” сөз чогултса, ал эми “тепкичтен төмөн түшкүлө” көнүгүүсүндө окуучу ойлонуп, сүйлөм курууга үйрөнөт. Мындай көнүгүүлөрдү иштетүүдө окуучулар синонимдик катар, синонимдик уя дегенди жакшылап өздөштүрө баштайт.

**СҮРӨТТӨР МЕНЕН ИШТӨӨ** лексиканын көбөйүшүнө, анын эсте калышына жардам берет. Баланын дүйнөсү сүрөткө жакын болгондуктан, мында да бала кадимки эле сөздөргө көңүл бөлө баштайт. Мындай көнүгүүлөрдө мугалим ар кандай стимулдарды пайдаланса рболот. “Ким бат табат?”, “Ким көп табат?”, “Ким дагы табат?” ж.б.

**2 топко бөлүнүп, сүрөттө боюнча күчөтмө даражанын пайдаланып, сүйлөм түзгүлө. Кайсы топ көп сүйлөм түзөт.**





VI. Сабакты бышыктоо: Мугалим: – Балдар! Бүгүнкү өткөн сабагыбызда алган билимибизди жыйынтыктоочу убакыт келип жетти. Сын атоочтун күчөтмө даражасын кеп маданиятын өстүрүү багытта үйрөнүү боюнча маалыматты кеңири ала алдыңар деп ойлойм. Муну менен силер оозеки сүйлөө речиңерде, жазуу иштериңерде да, орундуу ой жүгүртүп сүйлөөгө, туура жазууга көнүгүп, стилдик орунсуз кайталоого жол бербейсиңер деп ойлойм. Ошондой эле, биздин улуу муун калтырып кеткен эне тилибиз – кыргыз тилин туура, так жана алардын маанисин, мазмунун силер зирек акылыңар менен туюп, билип, өздөштүрүп кетүүңөргө бир топ өбөлгө түзүлдү болуш керек. Эми окуу китебинин 253-көнүгүүсүн максаттуулук менен аткаралы [2].

**253-көнүгүү** окуучуларды көнүктүрүү жана машыктыруу мүнөзүндөгү көнүгүү. Ага төмөнкүдөй тапшырма коюлган

1) Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, күчөтмө даражаны тапкыла.

2) Кандай жол менен жасалганын айтып бергиле.

3) Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

1. Сүйлөм: *Алмалары кыпкызыл, Чүйүмдүн дайыны ушундай.*

Бул сүйлөмдү практикалык багытта төмөнкүдөй суроолорду коёбуз:

– *Кана, балдар, Баткен эмнеси менен сыймыктанат? Ысык-көлдө эмне атактуу? Нарында эмне баалуу? Таласта эмне көп? Жалал-Абаддын эмнеси жакшы?*

Болжолдуу жооптор:

– *Баткенде өтө ширин өрүктөр көп* ж.б.

Окуу китебиндеги ар бир сүйлөм ушул багытта улантылат. Ошентип окуу китебине киргизилген бир көнүгүүнү дагы четке калтырбастан, аны андан ары дагы тереңдетип иштетип окутулат.

VII. Сабакты жыйынтыктоо:

1. Бүгүнкү сабакка активдүү катышкан ар бир окуучуга «жакшы» жана «эң жакшы» баалар коюлат.

2. Үйгө тапшырма берилет: а) макал-лакаптардан, б) көркөм-адабий тексттерден, в) лирикалык ыр саптарынан сын атоочтун күчөтмө даражасындагы стилдик сөздөрдү таап келгиле.

Бүгүнкү сабакка активдүү катыша албаган окуучулар жакшы даярданып, келип жооп беришет деген ойдомун. Сабакты ушуну менен жыйынтыктайбыз. Саламатта баргыла!

Жыйынтыктап айтканда, окуу сабакты өтүүдө окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү четке какпастан, аларды андан ары тереңдетип, берилген грамматикалык тапшырманы коммуникативдик багытта түшүндүрүүгө аракет жасалып өтүлгөн сабак окуучулардын ар дайым эсинде сакталып калат деп ойлойбуз.

**Адабияттар**

1. Добромыслов В. А. Изучение грамматических определений и правил в 5-7 классах. – М., 1951. – 132 с.
2. Исаков Б. Кыргыз тили. 5-6 класстар үчүн вариант. Окуу китеби. – Б.: Мектеп, 2000.
3. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. Ф., 1980
4. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. – Ф., 1980
5. Мусаева В.И. Кыргыз тили жана адабияты боюнча методикалык колдонмо. – Б., 2006, 17 б.
6. Озерская В. П. Изучение морфологии на синтаксической основе. – М.: Просвещение, 1989. – 176 с.
7. Пузанкова Е. Н. Методика развития языковой способности учащихся 5-7 классов средней школы. – Орел, 1998. – 86 с.
8. Семененко Л. П. Основы коммуникативно-целевой семантики. – Орел, 1999. – 84 с.
9. Үсөналиев С. Кыргыз тили: 6-класс. Окуу китеби. – Бишкек, 2007.
10. Юдахин К.К. Азыркы кыргыз тили. – Бишкек, 2015
11. Мусаева В.И. Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. Б.: 2015. -95б.